# Улуттук адабият күнүнө карата
# Ч. Айтматовдун үй музейине саякат



Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук адабият үчүн эле эмес улуттук искусствонун башка түрлөрүнүн өнүгүүсүнө да өзүнүн зор таасирин берген.

Кыргыз элибиздин залкар инсандын жашаган үйүн, баскан жолун жакындан көрүп, таанышуу менен **11-декабрда 2021-жылы №61 АФММЛ ОКнин кыргыз тили мугалимдери Турсуналиева Дамира Токоновна жана Качкынова Жибек Автандиловна 4-класстын окуучулары менен чакан иш-чара өткөрүштү.** Ыңгайлуу учурдан пайдаланып, Чыңгыз Айтматовдун үй музейине саякатка барып келишти. Бул сапар абдан кызыктуу жана таасирдүү болду десек жаңылышпайбыз. Кыргыз элинин залкар жазуучусун даңазалоо, чыгармалары аркылуу окуучуларды тарбиялоо, улуу жазуучунун чыгармаларына кызыгуусун ойготуу максатында бул саякатты уюштурушту.







Чыңгыз Айтматов үй музейи 2014-жылы 12-декабрь күнү улуу жазуучунун жубайы Мария, уул-кызы Эльдар жана Шириндин демилгеси менен ачылган. Бул үйдө калемгер өзүнүн акыркы 22 жылын жашап өткөргөн.














**Чыңгыз Айтматов үй музейи - замандын баа жеткис баалуулугуна айланган жөнөкөй жай** десек болот.

Окуучулар Ч.Айтматовдун үй музейинен көп маалыматтарды алып кетишти, улуу жазуучунун чыгармаларына кызыгуусу ойгонду жана ата-энелер абдан ыраазы болушту. Сабакта алган маалыматтар боюнча жазуу жана оозеки иштерин жүргүзүп, билимдерин бышыкташат.